«Бекитилди»

ККТТИжЭКнын педагогикалык

кеңешмесинде № 2

Матосмонов Д. Дж.

"29" 10 2024-жыл.

## Контрактык негизде окуган муктаж студенттердин окуу төлөмдөрүнөн бошотуунун

## ЖОБОСУ

### Контрактык негизде окуган студенттерге жеңилдик берүү тартиби:

Ар бир окуу жылынын башында, эгер зарыл болуп калса семестр башталар алдында, сынактык сессиянын жыйынтыгынын негизинде, педагогикалык кеңешменин катчысы карап чыгып, андай кийин туура келүүчү иш кагаздарын даярдап, педагогикалык кенешменин мүчөлөрүнө сунушту даярдайт.

Контрактык негизде окуган студентке сессиянын жыйынтыгы жана педагогикалык кеңешменин чечими менен контрактык сумманын төлөмүнөн төмөнкүдөй жеңилдиктер каралсын:

1. Күндүзгү окуу бөлүмүнүн контрактык негизинде окуган студенттин ата-энеси каза болуп, тоголок жетим болсо, окуудагы жетишүүсүнө карабай 100% контрактын суммасынан бошотулуусу тийиш.

2. Күндүзгү окуу бөлүмүнүн контрактык негизинде окуган студенттин I-же 2- топтогу майыптыгы болсо жана студенттин атасы же энесинин 1 топтогу майыптыгы болсо окуудагы жетишүүсүнө карабай 15% окуу акысынан жеңилдик берилсин.

3. Күндүзгү окуу бөлүмүнүн контрактык негизинде окуган студент Республикалык олимпиаданын жеңүүчүсү болуп (спорттук, дисциплинарлар аралык) окуу жылына тиешелүү иш кагаздары жана дипломдун копиясынын тиркемеси менен берсе:
   1. I-орун 20%
   2. II- орун 15 %
   3. III-орун 10 % контрактын суммасынан бошотулат.

4. Күндүзгү окуу бөлүмүнүн контрактык негизде окуган студенттин ата-энесинин бирөөсү каза болсо (кара кагаз тиркелет) студент "эң жакшы" жана "жакшы", "канаттандыраарлык" деген бааларга окуса, үй-бүлөсү материалдык жактан оор болсо, бул студент 15% контрактын суммасынан бошотулат.

5. Колледждин окутуучуларынын жана кызматчыларынын балдары контрактык негизде окуса контракт сумманы төлөөдө төмөнкүдөй учурларда жеңилдик алышат: (күндүзгү окуу бөлүмү үчүн)

а) эгерде кызматчы 5 жылдан ашык иштесе, анын баласы же кызы колледждин студенти болсо 25% контрактын суммасынан бошотулат.

б) эгерде кызматчы 10 жылдан ашык иштесе, анын баласы же кызы колледждин студенти болсо 50 % контрактын суммасынан бошотулат.

6. Эгерде студент Афган согушунун , Баткен окуясынын (1999-2000-2022-жж.) Чернобыль АЭСинин катышуучусу болсо ( окуунун кайсы түрү болсо да) 50 % контракттын суммасынан бошотулат.

7. Колледждин коомдук иштерине активдүү катышып, жалан "Эң жакшы" деген бааларга окуган студент контракт акысынан 25% бошотулат.

( комиссиянын корутундусу менен)

Т.Кулатов атындагы Кызыл-Кыя тоо-техникалык, инновация жана экономика колледжинин студенттери педагогикалык кеңешменин жана мүдүрдүн буйругу, сынактын сессиянын жыйынтыгы менен контрактык суммадан окуу жылынын ичинде бошотулат.

Өзгөчө кырдаалдарда, педагогикалык кеңештин мүчөлөрү кезексиз жыйын өткөрүп студенттин арызын кароого, чечим чыгарууга укуктуу.

Керектүү иш кагаздары педагогикалык кеңешменин катчысы тарабынан даярдалат жана педагогикалык кеңештин жыйынында кароого сунушталат.

Жеңилдик талап кылган студент семестр же окуу жылы аяктагандан кийин, керектүү иш кагаздарын педагогикалык жыйындын катчысына берүүсү керек.

## Керектелүүчү иш кагаздардын тизмеси:

### Мүдүрдүн атына арыз.

1. Тайпа жетекчисинин өтүнүчү ( ходатайства)
2. Майыптыгы тууралуу иш кагазы ( Врачтын корутундусу)

3. Өлгөндүгү тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү ( атасынын же энесинин)
4. Зачеттук китепченин көчүрмөсү
5. Олимпиада жеңүүчүсүнүн диплом же дипломдун көчүрмөсү.

Педагогикалык кеңештин катчысы: Юсупова А.Ж.